# Оңдош керек. Ыргытканга болбойт



Авторлор: Химадри Дас, Веена Прасад

Сүрөтчү: Анкита Кини

Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

# Оңдош керек. Ыргытканга болбойт

Авторлор: Химадри Дас, Веена Прасад
Сүрөтчү: Анкита Кини
Которгон жана адаптациялаган: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек-2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

*In A Stitch in Time*, Copyright © 2020, Эта работа лицензирована по международной лицензии Creative Commons Attribution 4.0. (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) түп нускасынан ылайыкташтырылган. CC BY 4.0 лицензиясы негизинде лицензияланган.
"Ондош керек. Ыргытканга болбойт" (кыргыз тилинде), авторлор Химадри Дас, Веена Прасад,
сүрөтчү Анкита Кини, Талгат Деркенбаев тарабынан которулуп адаптацияланган.
Pratham Books ©2018 CC-BY 4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://storyweaver.org.in/stories/49732-a-stitch-in-time

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



Тыыырт!

– Ушул эле жетпей жатты эле! – деп кыйкырып жиберди Иса.

Анын көйнөгү тигишинен айрылып кетти.

– Чоң ата, бул көйнөктү эми ыргытып эле салалы!

– Эч нерсени ыргытыштын кереги жок, – деп чоң атасы көз кысып койду.

– Биз баарын оңдоп-түзөйбүз. Сөгүлгөн жерин тигип койсок, көйнөгүң жапжаңы болуп калат, – чоң ата ийнеге жип саптады. Ал Исага кантип тигиш керек экенин көрсөттү.



Кийинки күнү Исага досу Ирина келди.

– Жүрү, велосипед тебебиз, – деп сунуштады Ирина.

– Бир аз күтө турчу, көйнөгүмдү үтүктөп алайын.

Иса үтүктү сайды. Үтүктүн лампочкасы күйгөн жок. Үтүк иштебей калыптыр.

– Мына мунусу да иштебей калды. Эми бырыш көйнөк менен чыгат экем да. Муну да ыргытып салуу керек.

– Ыргытпа. Кечээ мен Тейлөө үйүндөгү устаканага баргам, – деди Ирина. – Менин таякем Гор үтүктү кантип оңдоо керектигин көрсөткөн болчу. Мен аны кунт коюп уккам. Кел, оңдоп көрөлү, – деди.





Иса аспаптар салынган кутучаны аңтарып, бурагычты таап чыкты. Ирина бурагыч менен үтүктүн сырткы бөлүгүн ачты.

– Мына бул зымды көрдүңбү? Үтүктү сайганда, электр тогу үтүктүн таманына өтөт, – деп Ирина көрсөттү.

– Бул кичинекей нерсе термостат деп аталат. Ал үтүк ашыкча ысып кетпеш үчүн колдонулат. Эгерде үтүк аябай ысып кетсе, термостат токту үзүп коёт. Лампочкасы да күйбөй калат. Үтүк жетиштүү деңгээлде муздаганда, кайрадан ток келип, лампочка күйөт.



– Чайнек, меш сыяктуу электр буюмдары да ушундай иштейби? – деп сурады Иса.

Бирок Ирина эч нерсени уккан жок. Ал үтүктү текшерип жаткан.



– Эмне болуптур? – деп сурады Иса.

– Биз муну өзүбүз оңдой албайт окшойбуз, – деди Ирина.

– Каап! Эми муну көрсө, ата-энем капа болушат, – деди Иса.

– Сарсанаа болбо! Биз үтүктү устаканага алып барабыз. Ал жерден муну бат эле оңдоп коюшат, – деди Ирина.



Иса менен Ирина үтүктү алып, велосипеддерине минип, Тейлөө үйүнө жөнөштү. Алар бузук үтүктү тезирээк эле оңдотконго шашылышты.



Балдар Тейлөө үйүнө келип, бир нерсе оңдоп отурган Аня эжеге кайрылышты.

– Аня эже, сиз бул үтүктү оңдоп бере аласызбы? – дешти Ирина менен Иса бир ооздон.

Аня эже бир кутучаны алып чыкты.



– Бул аспап мультимер деп аталат. Ал үтүктүн кайсы бөлүктөрүнө ток жетип жатканын көрсөтөт. Эмесе, текшерүүнү ачакейден баштайлы, – деди Аня эже.

Аня эже үтүктүн бардык бөлүктөрүн текшерип жатты. Акыры бир кичинекей өткөргүчкө келип жеткенде токтоду:

– Мына, мен кайсы жери туташпай калганын таптым. Бул зымды көрдүңөрбү? Ток өткөрбөй калган турбайбы.





Аня эже эски зымды жаңысына алмаштырды. Үтүктүн капкагын жаап:

– Эми мунун кандай иштегенин текшеребиз! – деди.

Аня эже үтүктү токко сайып, лампочкасынын күйгөнүн көрдү.

– Рахмат, Аня эже! Эми үтүктү ыргытпайбыз! – деп ыраазы болушту балдар.





Иса менен Ирина Оңдоо үйүндө дагы эмнени оңдосо болот деп карап көрүштү.

Алар саат оңдогонго жана кийим жамаганга жардам беришти.

Андан соң үйлөрүнө кайтышты.



– Ой, велосипеддин арткы дөңгөлөгү жарылды! – деди Ирина.

– Сага эми жаңы дөңгөлөк керек. Эскисин ыргытып жиберсең болобу? – деп сурады Иса.

– Жок, биз эч нерсени ыргытпайбыз. Велосипедди Мурат байкеге көрсөтүшүбүз керек, – деп жооп берди Ирина.

Мурат байкенин да жакын жерде устаканасы бар болчу. Ал дагы кээде Тейлөө үйүнө барып жардам берчү.

– Камераны жарып алдыңарбы? Муну азыр эле оңдоп коём, – деди Мурат байке.



Ал велосипедди оодарып койду. Аспаптарды колдонуп, дөңгөлөктүн камерасын суурып чыгарды.

– Тешикти көрдүңөрбү? – деп сурады Мурат байке.

Иса менен Ирина баштарын чайкап, бирин-бири карап калышты.





Мурат байке камераны суу куюлган идишке чөгөрө баштады. Бир маалда эле суу бурулдап, камеранын тешилген жери даана көрүндү.

– Көрдүңөрбү. Мынакей тешик! – деди Мурат байке.

Анан чаптаганга жумшак желимди кесип алды.

Камераны кургатып, кум кагаз менен тешиктин тегерегин тазалап, кесинди желимди чаптады.





– Мынакей, бул жумшак желимди катуурак кысып кармап тур! – деп Исага карматты. Иса жумшак желимди колу менен бекем кысты.

– Эгерде велосипед, кол чатыр оңдогон усталар, өтүкчүлөр болбосо, таштанды батпай кетмек экен, – деди Иса.



Максат орундалды: дөңгөлөк чапталды, үтүк оңолду.

Иса менен Ирина эми үйлөрүнө кайтышат.


Бул күн аябай кызыктуу болду.

Оңдош керек. Ыргытканга болбойт.

Дүйнөдө эмне көп? Таштанды көп. Таштандынын чирий турганы болот. Чирибей турганы болот.

Чирибей турган таштанды узак убакытка сакталат. Ошондуктан адамдардан калган таштандынын көлөмүн азайтып туруу керек.

Бузулган буюмдарды оңдоп турса, эч нерсе ыргытылбайт, таштанды азаят. Буюмдарды узак убакыт колдонсо болот.




Ал эми жаңы буюмдарды жасоо үчүн энергия жана чийки зат керек болот.

Чийки затты өндүрүп, иштетиш үчүн көп энергия талап кылынат.

Улам оңдоп турсак, бул ресурстар үнөмдөлөт да, буюмдар узак мезгил бою колдонулат.

Буюм такыр эле оңдогонго жарабай калса гана аны жаратылышка зыяны тийбегидей жол менен жок кылууга болот.



Зыянсыз жок кылуу салттары



Индияда эски, жараксыз нерселерди зыянсыз түрдө жок кылуунун кызыктуу жолдору бар. Бул өлкөдө тамак-аш калдыктарын, эски кийимдерди, эски гезиттерди, желим буюмдарды ж.б. кабадивалас (kabadiwalas) деген кесиптеги адамдар калдыктарын чогултушат. Алар эски кийимдерди жана буюмдарды жаңысына алмаштырып беришет.

Орто Азияда майда-чүйдө нерселер менен соода кылган соодагерлер болгон. Алар эшек арабалары менен көчөлөрдү кыдырышып, эски идишти, кийимдерди, бөтөлкөлөрдү момпосуйга, оюнчуктарга жана таттуу жүгөрүгө алмаштырышчу.

Оңдоочу кафе

Бенгалуру деп аталган өзгөчө кафе жөнүндө сөз кылалы.

Ал жерге ар кандай курактагы адамдар чогулуп, буюмдарды кайра калыбына келтирүүнү колдошот. Оңдоочу кафеден сиз оңдоо ишин жүргүзүү үчүн каалаган аспапты таба аласыз.

Ыктыярчылар жана кесипкөйлөр каалоочуларга өтүк, кийим, кол чатыр, саат оңдогонду үйрөтүшөт. Жаратылыш кырсыктарынан кийин, усталардын кызматына муктаж болгондор айрыкча көп болот.

Бул кафе 2000 кг буюмду таштандыга кетирүүдөн сактап калган. 2017-жылы дүйнөдө 3 000 000 буюм сакталып калган.

Сен ушул асаптарды колдоно аласыңбы?

Билген досоруңдан ушул аспаптарды колдонгонду үйрөтүп коюусун суран.

Ушундай пайдалуу өнөрлөрдү үйрөнүп алганга аракет кылып көр.



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Авторлор: Химадри Дас, Веена Прасад
Сүрөтчү: Анкита Кини
Которгон жана адаптациялаган:
Талгат Деркембаев

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- 3.1 деңгээли
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли